УДК: 172.15 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-50-55

**Бабашов А.К**
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун улуттук жана чет элдик философия бөлүмүнүн ага илимий кызматкери, философия илимдеринин кандидаты.
**Бабашов А.К**
старший научный сотрудник отдела национальной и зарубежной философии Института философии, права и социально-политических исследований им.А.А.Алтмышбаева Национальной академии наук Кыргызской Республики, кандидат философских наук.
**Babashov A.K**
Senior Researcher, Department of National and Foreign Philosophy, A.A. Altmyshbaev Institute of Philosophy, Law and Socio-Political Studies of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Ph.D.

# УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯНЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ
# ФУНКЦИИ НАЦИОНАЛЬНОЙ ИДЕОЛОГИИ
# THE FUNCTIONS OF NATIONAL IDEOLOGY

**Аннотация:** Аталган макалада улуттук идеологиянын функциялары кеңири каралат, анда бардык эле идеология адамдардын жүрүм-турумдарына алардын аң-сезимине таасир берүүгө аракет кылары айтылат. Башкача айтканда, ал өзүнүн милдети катары адамзаттын жүрүм-турумун аң-сезим аркылуу манипуляциялоо жолу аркылуу программалаштыруудан көрөт, андан тышкары идеология интеллектуалдуулуктун, рационалдуулуктун ж.б. белгилүү бир минималдуу денгээлине ээ болуусу зарыл.

**Негизги сөздөр:** идеология, функция, мамлекет, философия, баалуулуктар, идеалдар, нормалар, феномен, илим.

**Аннотация:** В данной статье подробно рассматривается функции национальной идеологии, также в ней говорится о том, что любая идеология стремится оказывать влияние на поведение людей через воздействие на их сознание. Иными словами, она видит свою задачу в программировании человеческого поведения путем манипулирования сознанием, также идеология должна обладать определенным минимальным уровнем интеллектуальности, рациональности и т.д.

**Ключевые слова**: идеология, функция, государство, философия, ценности, идеалы, нормы, феномен, наука.

**Annotation:** This article discusses in detail the functions of national ideology, it also states that any ideology seeks to influence people's behavior through an impact on their consciousness. In other words, she sees her task in programming human behavior by manipulating consciousness, and ideology must also have a certain minimum level of intelligence, rationality, etc.

**Key words:** ideology, function, state, philosophy, values, ideals, norms, phenomenon, science.

Көпчүлүк окумуштуулар улуттук идеология тигил же бул улуттун социалдык, саясий реалдуулукка жана андагы өзүнүн ордуна болгон түшүнүктөрүнүн, идеяларынын, көз

караштарынын, ой- пикирлеринин ж.б. жыйындысы деп эсептешет. Эгерде, биз ушул берилген аныктама менен гана чектелсек анда улуттук идеология дегеле идеология өзү коомдук аң-сезимдин компоненти катары философиянын алкагында жок болуп кетиши мүмкүн. Анткени, баарыбызга белгилүү болгондой философия дагы дал ушул маселелерди изилдейт. Ошол эле учурда идеологиянын өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар.

Ушундан улам улуттук идеология маселеси боюнча автор оргиналдуу илимий ыкмаларды колдонуп жаңы аныктама берүүгө аракет кылууда деген ой- пикир окурмандарда жаралышы мүмкүн. Анткени бул маселе боюнча көптөгөн макалалар, илимий эмгектер жарыяланган. Бирок, чындыгында андай эмес. Бул макаланы жазууда биз буга чейинки илимий чөйрөдөгү топтолгон бай тажырыйбага таянып бул маселени башкача өңүттө кароого аракет кылдык. Тагыраак айтканда улуттук идеология коомдук, мамлекеттик ишмердүүлүктүн өзөгү, башкаруунун активдүү программасы, конституциянын генератору жана өнүгүүнүн доктринасы. Автордун башкы максаты улуттук идеологияны өлкөнүн коомдук жашоосун уюштурууда негизги кыймылдаткыч күч, ишмердүүлүктүн энергиясы катары кароо. Улуттук идеология илимий чөйрөдө гана талкууланууучу маселе эмес, ал жалпысынан мамлекеттин өнүгүүсүндөгү, башкаруудагы ийгиликтерге жетүүнүн эң зарыл фактору болуп саналат. Келечектеги максаттарды, приоритеттик багыттарды, иш- аракеттерди аныктоо үчүн керек. Биздин оюубузча улуттук идеологиянын мазмуну императивдүү болушу зарыл. Себеби, «Улуттук идеология бүгүнкү күндөгү базар экономикасынын объективдүү мыйзамдарын рационалдуу колдонууга мүмкүндүк берет» [3. 3-б].

Айта кетчүү нерсе албетте, экономика аң-сезимдин пайда болушун анын формаларынын өзгөрүшүн аныктайт, бирок философиялык, укуктук, моралдык, саясий ж.б. көз караштарга толугу менен таасир эте албайт, бул жагынан караганда улуттук идеологиянын аткарган кызматы эбегейсиз. Тагыраак айтканда, улуттук идеология коомдогу социалдык топтордун, катмарлардын кызыкчылыктары, талаптары менен тыгыз байланышкан социалдык реалдуулуктун маңызын чагылдырууга багытталган. Коомдун жашоочуларынын ошол социалдык реалдуулукка болгон мамилелерин улттук идеология баалуулуктар, идеалдар аркылуу чагылдырат. Улуттук идеологиянын дагы бир өзгөчөлүгү ал конкреттүү адамды, адамдардын жамаатын, тобун социалдык- практикалык ишмердүүлүккө, көйгөйлөрдү чечүүгө багыттайт. Себеби, адамдардын максаттарынын, кызыкчылыктарынын, баалуулуктардын, идеалдардын ишке ашышы дал ошол көйгөйлөрдүн чечилишинен көз каранды. Улуттук идеология баалуулуктарды, идеалдарды ж.б. калыптандыруу менен гана чектелбестен максаттарга жетүүнүн жолдорун, ыкмаларын сунуштайт. Бул феномендин эң талаш- тартыш туудурган маселеси- бул адамдардын абстрактуу ой жүгүртүүсү менен тыгыз байланышта экендиги. Улуттук идеология коомдогу социалдык идеялардын топтому деген жалпы аныктаманын негизинде карай турган болсок, анда идеялар адмдын мээсинин ишмердүүлүгүнүн продуктасы деп кабыл алышыбыз керек. Анткени, аң- сезим адамдын мээсинин «сыпаты», «жогорку деңгээлде уюштурулган материянын функциясы» деген марксистик теория илимде бекем орун алган. Ошол эле учурда улуттук идеологиянын руханий мазмунун « …жөн эле аң- сезим, ойжүгүртүү деп айтуга болбойт. Илим, көптөгөн түрлөрү бар искусство, дин, дегеле жалпысынан алганда таанып билүүнү өз кучагына алган- руханий дүйнө бар. Ушундан улам илим, дин жана искусство жогорку деңгээлдеги уюштурулган материянын, мээнин продуктасы деп айтууга болобу, эгерде андай болсо адамзаттын тарыхый өнүгүүсүндөгү адамдын руханий ишмердүүлүгүн бул түшүнүктөр аркылуу таанып билүү мүмкүн эмес» [4. 15-16-б].

Ушул жерден дагы бир учкай сөз кылып кете турган нерсе окумуштуулардын арасында улуттук идеологиянын өзөгүн эмне түзүш керек же тагыраак айтканда кандай идея болуш керек деген талаш маселе бар. Бул суроо боюнча көпчүлүк окумуштуулар улуттук идеолгия «улуттук идеяга» негизделиш керек деп айтышат. Бирорк, кандай идея аны кайдан издеп табуу керек деген чоң суроо жаралат. Маселен орус окумуштуусу Е.М.Чепурных «улуттук идея» ойлонуп табылган категория, ошондуктан биз улуттук баалуулуктарга, нарк- насилдерге гана таянышыбыз керек деген оюун билдирүү менен «Бул схеманын алкагында улуттук идея баалуулуктардын, идеялардын рамкасынан сыртка чыгып коомдук демейки аң- сезимдин чөйрөсүнөн орун алат» деп жазат. [6]. «Табиятта мындай түшүнүк жок, бул политтехнологдордун кезектеги ойлоп тапкандары» [5]. «Улуттук идея жөнүндөгү дискуссиялар — майнапсыз дискуссиялар» [1]. Ушул эле учурда улуттук идея улуттук идеологиянын иштеп чыгуудагы эң башкы фактор экендигин айткан окумуштуулар да бар. Алар улуттук идея этникалык, конфессионалдык, саясий мүнөздөрдөн алыс болушу керек деген ойлорун билдиреишет. Ушул жерден кыскача бүтүм чыгара турган болсок улуттук идеянын портрети анын аткарган функцияларына жараша тартылат. Жазылып жаткан макалага коюлга талаптардын негизинде улуттук идея кандай милдеттерди аткарат ал жөнүндө өзүнчө сөз кылууну чечтик.

Коомдук жашоонун социалдык- экономикалык, саясий, нравалык, эстетикалык ж.б. жактарын чагылдырган улуттук идеология дегеле илеологиянын бардык формалары адамзаттын руханий ишмердүүлүгүнүн басымдуу бөлүгү болуп саналат. бул жерден дагы бир белгилей кетчүү нерсе окумуштуулардын ортосунда идеологиялык жана теориялык ой жүгүртүүлөр боюнча ушул күнгө чейин чечилбей келе жаткан талаш маселелер бар. Албетте, биз бул маселе өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Жогорду айтылган талаштуу эки учурга кайрылганыбыздын себеби улуттук идеологиянын аткарган негизги функциялары жөнүндө сөз болгондо айрым суроолор пайда болушу мүмкүн. Ошондуктан алдын ала учкай токтолууну туура көрдүк.

Жогоруда маалым болгондой улуттук идеологиянын эң башкы функциясы коомдук таптардын, катмарлардын өздөрүнүн жашоо шарттары менен байланышкан кызыкчылыктарын аныктоосуна, ошол кызыкчылыктарды жүзөгө ашырууга өбөлгө түзгөн баалуулуктардын, идеалдардын калыптануусуна көмөк көрсөтөт жана экономикада, саясатта, эл аралык мамилелерде, билим берүү системасында, маданиятта ж.б. чөйрөлөрдө дайыма кездешүүчү конкреттүү проблемаларды чечүүнүн жолдорун сунуштайт. Улуттук идеологиянын бул ойногон ролун анын төмөндөгү аткарган функцияларынан көрүүгө болот. Бул маселе боюнча (улуттук идеологиянын функциялары) өзүбүздүн ой- пикирибизди айтуудан мурда айрым илимий көз караштарды салыштыруу ирэтинде сунуш кылабыз. «….жалпысынан алганда идеология төмөндөгүдөй функцияларды аткарат:

1. Таанып билүүчүлүк функциясы
2. Баалоочулук функциясы
3. Максаттуу- программалоо функциясы
4. Футурологиялык (алдын ала болголоо) функциясы
5. Бириктирүүчүлүк функциясы
6. Коргоочулук функциясы
7. Социалдык- уюштуручулук функциясы» (Нусупов)

Бул илимий көз караштын негизинде коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүндөгү улуттук идеологиянын ролу анын аткарган функциялары менен тыгыз байланышта болоорун айтууга болот.

Дагы бир окумуштуунун оюу боюнча идеология төмөндөгүдөй функцияларды аткарат «багыт берүүчүлүк, мобилдүүлүк, интегративдик, кайра байланыш түзүүчүлүк» [2. 286-287-бб]. Бул эки илимий көз караш бири- бирине каршы келбейт, тескерисинче бири –бирин толуктап турат.

Бөгөнкө дүйнө жүзүндө жүрүп жаткан глобалдуу процесстердин алкагында улуттук идеология кандай милдеттерди аткруусу мүмкүн?

1. Улуттук идеология коомдо болуп жаткан социалдык реалдулук жөнүндө бардык катмарларга түшүнүктүү болгон жоболорду иштеп чыгуусу абзел. Анткени, адамдардын кызыкчылыктарын иш жүзүнө ашыруу алар үчүн оңой болот. Социумдагы бардык катмарлардын ортосундагы социалдык карама- каршылыктар, чыңалуулар жөнгө салынат жана ар бир майда топтор, жамааттар өздөрүнүн кызыкчылыктарын чагылдыргын идеологиясын ошол улуттук идеологиянын алкагында иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Коомдогу ар бир социалдык топтун кызыкчылыктарын чагылдырган идеология баалуулуктар, идеалдар аркылуу иштелип чыгылат. Ушул жерден баса белгилей кетчүү нерсе ал баалуулуктардын, идеалдардын топтому улуттук идеологиянын өзөгүн түзүшөт. Натыйжада ошол мамлекеттин, коомчулуктун идеологиялык картинасы (сүрөттөлүшү) пайда болот. Баалулуктар, идеалдар ар кандай мүнөздө, мааниде болушу мүмкүн. Терс маанайдагы баалуулуктар, идеалдар коомдун өнүгүшүн басаңдатып айрым учурда социалдык, саясий карама- каршылыктарды, тирешүүлөрдү жаратуусу ыктымал. Коомдук болмушта мына ушундай кырдаал пайда болгон учурда улуттук идеология бардык тараптардын кызыкчылыктарына шайкеш келген идеяны сунуштай алат. Бул анын башкы функцияларынын бири болуп саналат. Улуттук идеология баалуулуктардан, идеалдардан сырткары социалдык нормаларды да өзүнө камтыйт. Натыйжада ал бардык социалдык процесстерди көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат.

Эске сала кетүүчү нерсе идеалдар маңызы боюнча баалуулуктардан айырмасы жок, анткени алар баалуулуктардын ар түрдүүлүгү катары каралышат. Ошол эле учурда баалуулуктар, идеалдар илимде дайыма колдонулуучу түшүнүктөргө, принциптерге, ой бүтүмдөргө, жоболорго тиешеси жок, бирок коомдук аң- сезимден аларды эч ким сүрүп чыгара албайт. Башкача айтканда илим адамдардын коомдук жашоосундагы көп сандаган көйгөйлөрдү чечүүгө шарт түзгөн реалдуулукту таанып билүүнүн жалгыз формасы эмес- бул функцияны идеология да аткара алат дегенди түшүндүрөт. Анткени, идеология адмдардын коомдук болмуш менен болгон байланышына, социалдык ишмердүүлүккө түрткү берген факторлорго тиешелүү суроолорго жооп берет. Бул суроолор илим жаатында каралбайт себеби, алардын маңызын илимий ыкмалар аркылуу ачып берүү мүмкүн эмес.

2. Улуттук идеология социалдык реалдуулукту түшүнүүнүн жолдорун гана иштеп чыкпастан, коомдук тартипти орнотууга да жөндөмдүү. Коомдун мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарына каршы келген экономикалык, саясий, социалдык процесстерди өз учурунда сынга алып туура жакка багыттайт. Башкача айтканда улуттук идеология бул жерде кош функцияны аткарат (багыттоо, сынга алуу). Улуттук идеология дайыма позитивдүү ураандар аркылуу коомчулукту улуттук баалуулуктарга, нарк- насилдерге ж.б. аяр мамиле жасоого үндөп турат.

3. Ар бир өлкө, коомчулук саясий жана социалдык биригүүлөр аркылуу турктуулукка, өнүгүүгө аракет жасайт. Мына ушул процессте улуттук идеология эң башкы ролду ойнойт. Маселен , улуттук идеология коомдун биримдигин камсыз кыла алат, ошол эле учурда тескерисинче социумда башаламандыктын, чоциалдык чыңалуулардын пайда болушуна себепкер болуусу мүмкүн. Айта кетчүү нерсе рыноктук экономика шартында коомдук жашоодогу процесстердин бардыгы эле улуттук идеологияга шайкеш келе бербейт. Себеби, айрым экономикалык кубулштар мамлекеттин, коомчулуктун кийлигишүүсүнө каршы турушу мүмкүн. Тактап айтканда, улуттук идеологиянын курамындагы айрым баалуулуктар учурдагы коомдук өнүгүүнүн талаптарына карама- каршы келип калышы ыктымал. Бирок, бул улуттук идеологиянын аткарган милдеттерине кедергисин тийгизбейт.

4. Улуттук идеология адамдардын жүрүм- турумуна алардын аң-сезми аркылуу таасир этүүгө аракет жасайт. Башкача айтканда улуттук идеология адамдардын аң- сезимин башкаруу менен алардын коомдогу жүрүм- турумун программалоону өзүнүн башкы милдети катары эсептейт. Улуттук идеология ушул айтылган функциясын аткарыш үчүн бир катар шарттарга жооп берүүсү зарыл. Алардын айрымдарына токтоло кетели. Биринчи – адамдарды ынандыручу күчкө ээ болуусу керек. Анткени канчалык ошол күчкө ээ болсо коомдук аң-сезимди башкаруу ошончолук эффективдүү болот. Мындай күчкө ал кантип ээ болуусу мүмкүн? Эгерде улттук идеология илимий негизде иштелип чыккан болсо анда ал бул касиетке ээ болот. Бул жерде карама- каршы ой пайда болгондой сезилет. Себеби, биз жогоруда идеологиянын айрым элементтери илимий ыкмалар менен изилденбейт дегенбиз. Бирок, баалуулуктар менен жаңы илимий технологиялардын ортосундагы карама-каршылыктар дал ошол илим аркылуу жөнгө салынат. Экинчи – улуттук идеология канчалык таасирдүү болбосун, эгерде адамдардын аң- сезимине киргизүүнүн, таасир этүүнүн механизми иштелип чыкпаса, ал коомдук жүрүм- турумду тескөөчү функциясын аткара албайт. Мындай жыйынтыкка кантип жетүү керек? Бул жерде эң оболу ошол идеологияны пропагандалоонун жолдору иштелип чыгышы абзел жана коомдогу ар кандай уюмдардын, белгилүү инсандардын катышуусу зарыл болот. Бүгүнкү күндөгү технологиянын жетишкендиктерин эске алсак анда пропагандалоонун негизги жолдору электрондук техологиялар (сыналгы, радио, интернет ж.б.), басма сөз жана жалпыга маалымдоо каражаттары (газета- журналдар, китептер, макалалар). Үчүнчү- убакыттын өтүшү менен идеологиялык системада анын багыт берүүчү, шыктандыруучу, ж.б. ролдору басаңдашы мүмкүн. Мындай кырдаалга улуттук идеология кантип дуушар болуусу мүмкүн? Улуттук идеология өтө тез өзгөрүп жаткан реалдуулукка шайкеш келбей калган учурда, идеологиянын атынан жүргүзүлүп жаткан саясат менен практиканын ортосунда ажырым пайда болгондо ушундай абал пайда болот. Тактап айтуучу нерсе кандайдыр бир мезгилде улуттук идеология өзүнүн актуалдулугун жоготуп, фнкцияларын аткарбай калат дегенди билдирбейт. Себеби, ал коомдук башка процесстер сыяктуу эле диалектикалык мүнөзгө ээ.

Жыйынтыктап айтканда улуттук идеологиянын функциялары ошол коомдун, мамлекеттин өнүгүү деңгээлине, андагы социалдык топтордун, этностордун дүйнө таанымынын, психологиясынын, менталитетинин ж.б. өзгөчөлүктөрүнө жараша аныкталат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Гущин В. Отчизна-мать в предвкушении нового мученика. Статья // Независимая газета. 1999. 12 нояб.
2. Мухаев Р.Т. Политология.- М. 1998.- С.286-287

3. Нусупоа Ч. Национальная идеология, государсво и гражданское общество С.3)
4. Ойзерман Т.И. Опыт критического осмысления диалектического материализма. // Вопросы философии. 2000г. №2 – С. 15- 16).
5. Сидоренко П. Чего стоит имперский стакан без украинского сала? Статья // Российская газета. 1996. 5 дек.
6. Чепурных Е.М. О национальной идее. Статья // http://www.yurclub.ru/docs/other/article60.html].

**Рецензент: филос.и.д., профессор Мукасов Ы.М.**

УДК 1.316.091
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-55-60

**Бектанова Айгуль Карибаевна**
филос.и.д., доцент, Б. Н. Ельцин атындагы КРСУнин философия кафедрасынын профессору
**Бектанова Айгуль Карибаевна**
д.филос.н., доцент, профессор кафедры философии КРСУ им. Б. Н. Ельцина
**Bektanova Aigul Karibaevna**
doc.Phil., Ass.Prof., Professor of the Department of Philosophy of KRSU named after B. N. Yeltsin
**e-mail:** bektanovaa@mail.ru

## Ю. ХАБЕРМАСТЫН "ЖАШОО ДҮЙНӨСҮ" ЖАНА ГРАЖДАНДЫК КООМУ
## «ЖИЗНЕННЫЙ МИР» И ГРАЖДАНСКОЕ ОБЩЕСТВО Ю. ХАБЕРМАСА
## "LIFE WORLD" AND CIVIL SOCIETY J. HABERMAS

**Аннотация:** Макалада Франкфурт философия мектебинин жолун жолдоочу Ж. Хабермастын коммуникативдик иш-аракеттер жана жарандык коом теориясы каралат. Ю. Хабермас жарандык коомду «жашоо дүйнөсүнөн» айырмалап, аны мамлекеттен жана экономикадан автономдуу ар кандай жамааттарды жана бирикмелерди түзгөн көзкарандысыз адамдардын өз ара аракеттенүүсүнүн социалдык мейкиндиги катары аныктайт деп белгиленген. Макаланын корутундусунда анын көз караштары олуттуу илимий, теориялык жана методикалык негизге жана жарандык коомдун көптөгөн заманбап моделдерин калыптандыруу үчүн чексиз идеялык булакка айлангандыгы көрсөтүлгөн.

**Түйүндүү сөздөр:** жарандык коом, «жашоо дүйнөсү», «системалуу дүйнө», коммуникативдик иш-аракет, делибертивтик демократия, коомдук чөйрө.

**Аннотация:** В статье рассматривается теория коммуникативного действия и гражданского общества последователя Франкфуртской школы философии Ю. Хабермаса. Отмечается, что гражданское общество Ю. Хабермас выделяет из «жизненного мира» и определяет его как социальное пространство взаимодействия самостоятельных индивидов, образующих различные автономные от государства и экономики сообщества и ассоциации. В заключении статьи указывается на то, что его учение стало серьезной научно-теоретической и